Кыдыр Аке жергиликтүү кеңешинин
2026-жылдын 5-июнундагы
№43 токтом менен бекитилди

# Кыдыр Аке аймагындагы элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу жана менталдык ден соолугуна кам көрүү боюнча ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыдыр Аке айыл аймагында жашаган аялдардын социалдык-укуктук абалын жакшыртуу, алардын коомдук турмушка катышуусун активдештирүү жана психологиялык бакубаттуулугун камсыз кылуу максатында иштелип чыкты.

1.2. Жобонун укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин инсандын руханий өнүгүүсү жөнүндө жарлыктары түзөт.

## 2. Жобонун максаттары жана милдеттери

2.1. Максаты: Элеттик айымдардын коомдогу ордун даңазалоо, ар тараптуу колдоо көрсөтүү жана иш тажрыйбасын жайылтууга көмөктөшүү

2.2. Милдеттери:

- Аялдардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу жана зордук-зомбулуктун алдын алуу;
- Аялдардын менталдык (психикалык) ден соолугун чыңдоо жана моралдык колдоо көрсөтүү;
- Үлгүлүү үй-бүлөлөрдү жана коомдук иштерде активдүү айымдарды аныктоо.

## 3. Аялдардын коомдогу ролун даңазалоо жана укуктук сабаттуулугун арттыруу максатында айыл өкмөтү жана уюштуруу комитети тарабынан төмөнкү иш-чаралар камсыз кылынат:

3.1. Аялдардын укуктарын коргоо жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык компанияларды жана уюштуруу комитети тарабынан кеңеш берүүлөрдү уюштуруу;

3.2. Айылдагы үлгүлүү, эмгекчил жана коомдук иштерде активдүү айымдарды аныктоо;

3.3. Аялдардын менталдык ден- соолугун чыңдоо багытында психологиялык тренингдерди жана маданий программаларды даярдоо жана бекитсин.

## 4. "Элеттик айымдар күнүн" өткөрүү тартиби :

4.1. "Элеттик айымдар күнү" жыл сайын 18-июнда Кыдыр Аке айыл аймагында өткөрүлөт.

4.2. Иш-чаранын программасы төмөнкү бөлүктөрдү камтыйт:

- Расмий бөлүк: Айыл өкмөт башчысынын, айылдык кеңештин төрагасынын жана келген меймандардын куттуктоо сөздөрү;
- Ишкер айымдардын иш тажрыйбасы менен бөлүшүү- видео түрмөк көрсөтүү
- Маалыматтык-консультациялык бөлүк: Юристтердин жана психологдордун катышуусунда семинарлар, "ачык микрофон" форматындагы жолугушуулар.
- Турмуштук кыйын кырдаалга туш болгон айымдарга психологиялык жардам-мастер класс
- Маданий бөлүк: Концерттик программа, сахналык көрүнүштөр жана көркөм окуулар.

**5. Уюштуруу жана каржылоо**

5.1. Иш-чараны уюштуруу Кыдыр Аке айыл өкмөтү жана атайын уюштуруу комитетине жүктөлөт.

5.2. Уюштуруу комитети сценарийди иштеп чыгат, конокторду чакырат жана маалыматтык коштоону камсыз кылат.

5.3. Иш-чараны каржылоо жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын жана мыйзам тарабынан тыюу салынбаган демөөрчүлүк жардамдардын эсебинен ишке ашырылат.

**6. Корутунду жоболор**

6.1. Бул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыдыр Аке жергиликтүү кеңешинин чечими менен киргизилет.

6.2. Жобо бекитилген күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **Б.С.Акунов**